**БЕКИТЕМ**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору, техника илимдеринин доктору, профессор **К.Ж.Усенов**

___________________________

“ 8 ” 04 2022-ж.

Акматова Чынара Асановнанын “АДАБИЙ ОКУУ” предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

**Р А С М И Й  П И К И Р И**

**Илимий жетекчи** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Момуналиев Сатканбай Момуналиевич.

Иш А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасында аткарылган.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргызстан өз алдынча эгемендүүлүккө жетишип, суверендүү мамлекет болгон соң саясий, экономикалык, маданий жактан дүйнөлүк интеграция агымына кошулуу аркылуу улуттук баалуулуктарды кийинки муунга жеткирүү милдети алдыңкы планга чыкты. Ааламдашуу шарттарында балдарды окутуп-тарбиялоонун дүйнөлүк тажрыйбасына таянуу менен өзүбүздүн маданий мурастарды, анын ичинде башталгыч класстарда поэтикалык чыгармаларды пайдалуунун

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 124 «11» 04 2022

мүмкүнчүлүктөрүн кырдаалга жараша изилдөө талабы коюлду. Жаштардын бир катар бөлүгү талап-тоноочулук, баңгичилик, ичкиликпоздук, адамдарды басынтуучулук, мамлекеттик мыйзамдарды сыйлабоочулук, башка диндерге ооп кетүүчүлүк, жанбактылык ж.б. жаман адаттарга берилип кетип, тарбиялоо тармагыбыз өксүк тартып калды.

Мына ушундай шартта КР Президенти С.Н.Жапаров «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлык чыгарып, жаштарды улуттук асыл нарктар менен тарбиялоого өзгөчө басым жасады.

Мына ушул милдетти аткаруунун бир тарабы – мектепте окутулуучу адабий чыгармалар, алардын ичинде балдарга арналган ырлар. Кыргыз балдар ырлары негизинен Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жана орто мектептердин башталгыч класстарында окутулат.

«Компетенттүүлүк» жана «компетенция» түшүнүктөрүн алгачкылардан болуп чечмелеген окумуштууларга чет элдиктерден: Дж.Равен, Р.Уайт, Д.Хаймс, Н.Хомский ж.б.; россиялыктардан: В.И.Байденко, Л.И.Берестова, И.А.Зимняя, Н.В.Кузьмина, А.К.Маркова, А.В.Хуторский ж.б.; кыргызстандыктардан: Н.А.Асипова, Б.М.Акматов, Н.А.Ахметова, И.Б.Бекбоев, К.А.Биялиев, К.Д.Добаев, Э.М.Мамбетакунов, М.Х.Манликова ж.б. окумуштуулардан эмгектерин көрсөтүүгө болот.

Ырлардын жанрдык спецификасы, жалпы эле теориялык проблемалары орус жана кыргыз адабиятчылары тарабынан аныкталган. Ал эми балдар ырларын жогорку окуу жайларында, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жана мектептерде окутуу боюнча диссертациялар жазылып, корголгон (Абдраева Н.Э., Каранова Т.Н., Миңбаева К.Б, Рахимова М.Р., Рысбаев С.К., Сакиева С.С., Саттарова А.Т., Токтомаметов А.Д. ж.б.). Булардын ичинен С.С.Сакиеванын докторлук диссертациясы «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деп аталып, анда адабий окууга үйрөтүү проблемасы жалпы каралып, ичинде «Адабий

окуу» предметиндеги айрым ырларды окутууга арналган учурлар кездешет, К.Б.Миңбаеванын кандидаттык диссертациясы «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүүнүн жолдору» деп аталат жана анда Т.Самудинов, Б.Асаналиев жана К.Жунушевдин балдар ырларындагы педагогикалык ойлор тууралуу айтылып, аларды жогорку окуу жайларында окутуунун методикасы сунушталат. Бул диссертациялык ишке бир топ жакын эмгек А.Т.Саттарованын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деп аталган докторлук диссертациясы. Анда орто мектептин 1-7-класстарында балдар ырларын окутуунун жалпы эле технологиялары каралып, атайын «Адабий окуу» предметине басым жасалган эмес.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасын иштеп чыгуу; педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө ырларды окутуунун методдорунун, каражаттарынын, формаларынын жана ыкмаларынын натыйжалуулугун аныктоо; башталгыч класстарда ырларды компетенттүүлүктүн негизинде окутуунун моделин, окуучулардын ырларды өздөштүрүү боюнча баалоо критерийлерин, 2-4-класстар үчүн сабактардын иштелмелеринин циклин, окутуунун практикасына сунушталган окутуунун салттуу жана инновациялык ыкмаларын киргизүү боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тастыкталышы:** Изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары 2012-2021-жылдардын арасында Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде ж.б. окуу жайларда өткөн илимий-практикалык республикалык жана эл аралык конференцияларда талкууланган.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы** – Ош областынын Араван районунун №2 Аман Эгенов, №10 Токтогул, Кара-Суу районунун №49 Эрнест Тельман атындагы орто мектептери, №87 Сыдык Алайчы уулу атындагы инновациялык гимназия билим берүү комплекси, Ош шаарынын

Навои атындагы №18 гимназия мектеби, Баткен областынын Баткен районун дагы Ж.Байжигитов атындагы орто мектептери.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы**: Изилдөөнүн темасы боюнча жана анын жыйынтыктары ««Адабий окуу» сабагында ырларды окутуунун технологиялары деген аталыштагы методикалык курал, 15 илимий макалада жарыяланган. Анын ичинен РИНЦ статусу бар 5 макала эл аралык басылмаларда басылып чыккан.

**Изилдөөнүн түзүлүшү:** Эмгектин жалпы бети – 168, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 180, таблицалар – 3, сүрөттөр – 3, схема-3

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**
Башталгыч класстарда биринчи жолу «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы (салттуу жана инновациялык ыкмалардын, формалардын, методдордун жана каражаттардын комплекси) илимий психологиялык-педагогикалык технологиялардын жана методикалардын заманбап жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыккандыгы жана педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө анын натыйжалуу аныкталгандыгы.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** : Изилдөөнүн жыйынтыктары:
а) башталгыч класстардын «Адабий окуу» предмети боюнча мамлекеттик стандарттарды жана программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын өркүндөтүүдө жана иштеп чыгууда; б) педагогикалык факультеттерде түшүндүрүп окутуунун теориясы жана методикасын окутуу курсунда; в) башталгыч мектептин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо курстарында; г) башталгыч мектептин окуучуларына ырларды окутуу боюнча аудио жана видео материалдарды иштеп чыгууда колдонулат.

**3. Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Изилдөөнүн негизи милдеттерин чечүү үчүн диссертациянын түзүлүшү жана материалдардын баяндоо логикасы үч главадан, корутундулардан, жалпы корутундудан, илимий-практикалык сунуштардан, пайдаланган

адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 168 бетти түзөт.

Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес, изилдөө ишинин мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

1.Кыргыз башталгыч класстарында түшүндүрүп окутуунун методикасын алгачкы изилдеген окумуштуу, педагогика илимдеринин кандидаты Султан Турусбеков. Диссертацияда окумуштуунун эмгектери жөнүндө маалыматтар талданса, маалыматтар берилсе, илимий иштин мазмуну терен ачылмак.

2.Башталгыч класстарда “Окуу китеби”, “Окуу”, “Эне тили”, “Адабий окуу” окуулуктары колдонулган. Ушул окуулуктар жөнүндө диссертацияда маалымат берилсе болмок.

3.Башталгыч класстарда ырлар жыл мезгилдерине карата көбүрөөк сунуш кылынат. Мында салыштыруу, сүрөттөөгө өзгөчө маани берилет. Диссертацияда ушуларга да көнүл бурулса, илимий иштин мазмуну мындан да терен болмок.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Акматова Чынара Асановнанын “АДАБИЙ ОКУУ” предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү” жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Акматова Чынара Асановнанын “АДАБИЙ ОКУУ” предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен

методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедраларынын кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2022-жылдын 6- апрелинде (№17 протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1. Сакиева С.С.–педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
2. Нусупова Р.С. .– педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.08);
3. Ураимов К.М. –педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
4. Найманбаев М.Ж.–педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
5. Рыскулова Г.У.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
6. Тажибаева Ж.К.– педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
7. Ажыкулов С.М.– педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.01);
8. Жолдошбаева Р.К.–педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.08).
9. Молдокеримова Э.М.-педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02)

Отурумдун төрайымы, педагогика
илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиева

Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктайм.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окумуштуу катчысы,
саясий илимдеринин кандидаты Б.Н.Алымкулов

КАНЦЕЛЯРИЯ

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.20.
11.04.2022
Уч. секр.